Байгелди жалпы билим берүү негизги мектеби

№1 жалпы ата-энелер чогулушуна анализ:

Күн таритбинде каралган 1- маселе боюнча окуучулардын китеп менен камсыз болушу тууралуу маселени мектеп администрациясы тарабынан жарым жартылай чечилип, жана жарымы ата-энелердин жардамы менен чечилип, окуучулар толугу менен китептер менен камсыз болушту.

2- маселе боюнча жолдо жүрүү эрежелери жана техникалык коопсуздук эрежелерин окуучулар так жана туура колдоно бтлүү үчүн ар бир класс жетекчи класстык сааттарды өтүп, түшүндүрмөлөр берилип жатты.

Ата-энелер комитети менен таанышып, алар менен мектеп администрациясы тыгыз байланышта болуп иш жүргүзүүдө.

Класс ичинде акча каражаттарын (класстык фонддорду) чогултууга тыюу салынган. Бул маселеге жооптуу болуп мектеп директору Эшимканова Г.Э. өзүнүн көзөмөлдүгүнө алды.

Окуучулардын билим сапатын өнүктүрүүгө ата-энелер дагы жардам берип, көзөмөлдөмөк жана мектеп администрациясы тарабынан окуучулардын кызыгуусун арттыруу үчүн жана билим сапатын өстүрүү үчүн мектепке менталдык арифметика жана тез окуу, таза жазуу кружокторун ачтырышты. Мектеп директору Эшимканова Г.Э. өз көзөмөлүнө алды.

Жалпысынан алганда №1 ата-энелер чогулушунда каралган маселелер боюнча “жакшы” деген баа коюлду. Анткени кабыл алынган токтомдорго ылайык иштер жүрүп жатат.

**Байгелди жалпы билим берүү негизги мектеби**


2022- окуу жылы 6-7-8- класстардын арасында “Мектеп турмушу кандай уюштурулган жана сага жагабы?” деген темада сурамжылоо анализи

022-окуу жылы 6-7-8-класстагы окуучулардын арасында сурамжылоо өттү. “Мектеп турмушу кандай уюштурулган жана сага жагабы? “ деген теманын алкагында сурамжылоо болуп өттү. Бул иш чарага жалпысынан 35 окуучу катышты.

Сурамжылоого катышкан окуучулардын 100% мектепте өзүн кенен, бош алып жүрөрүн, мектеп ичинде үстөмдүк кылуу деген жоктугун билдиришти. Ар бир окуучунун жакын достору бар экенин билдиришти.

Окуучулардын 80% мектеп ичинде боло турган иш чараларга жакшы ой менен карап, дагы да майрамдар, иш чаралар болуп туруусун билдиришти.

Сурамжылоого катышкан окуучулардын мектепке кандай каалоо тилек же мектеп ичинде дагы эмне болушун каалап жаткандарын да жазуу түрүндө билдиришти. 35 окуучунун арасынан 16 окуучу компьютер кабинети болушун каалайт экен. 2 окуучу мектепте чоң китепкана болуусун каалады. Ал эми 17 окуучунун каалоосу чоң спорт залдын бар болушу экен.




Көк – спорт залдын салынышы

Саргыч – комьютер кабинети

Боз – чоң китепкана

**Байгелди жалпы билим берүү негизги мектеби**

2022- окуу жылы ата-энелердин арасында “ Мектеп турмушу кандай уюштурулган жана ата-эне күткөн талаптарга жооп береби?” деген темада жургүзүлгөн суроо берүүлөргө анализ:

2022- окуу жылында “Мектеп турмушу кандай уюштурулган жана ата-эне күткөн талаптарга жооп береби?” деген темада 6-7-8-класстагы окуучулардын ата-энелери арасында суроо берүүлөр болуп өттү. Жалпы ата-энелердин катышкан саны: 32.

Суроо берүүгө катышкан 32 ата-эненин арасынан 10 ата-эне балдарына “күн тартиби” түзүлгөндүгүн билдирди.

32 ата-эненин ичинен “балдары менен мектептеги жашоосу жөнүндө” 25 ата-эне кызыктар болот экен.

Ата-энелердин арасынан балдарынын досторун билбегендер да жок эмес экен. 32 ата-эненин арасынан 2 ата-эне “баламдын досторун билбейм деп жооп беришти.

Балдары “кайсы сабакты жактырарын?” 32 ата-эненин ичинен 22 ата-эне билерин аныктадык.

Ата-энелердин сунуштарынын арасында эң негизгиси болуп, балдардын информатика сабагын өтүүсүнө ыңгайлуу болуу үчүн компьютер кабинетин ачуу болду. Жана кээ бир ата-энелер спорт зал же актовый зал болсо деген ойлорун билдиришти.




мониторинг:

компьютер-кабинетине: Көк

Спорт-залга:кызыл